Мусулман кабырда суралганда: "Лаа илаха иллаллаху Мухаммад расулуллохи

Бараа бин Аазиб (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Мусулман кабырда суралганда: "Лаа илаха иллаллаху Мухаммад расулуллохи " деп күбөлүк берет. Аллах Тааланын: "Аллах Таала ыйандуу пенделерин бул дүйнөдө да, акыретте да бекем сөзгө туруктуу кылат" - деген аятында ушул айтылган" (Ибрахим, 27-аят).
[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пенде кабырында сурак берет. Аны атайын ушул ишке дайындалган эки периште Мункар жана Накир сурак кылат. Алардын ушундай аталышы бир канча хадистерде келген. Ошондо ыймандуу адам: "Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок жана Мухаммад Аллахтын элчиси" деп күбөлүк берет. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Тааланын төмөнкү аяты ушул жөнүндө экендигин айткан: "Аллах Таала ыймандуу пенделерди бул дүйнө жашоосунда да, акыретте да бекем сөзгө туруктуу кылат" (Ибрахим, 27-аят).

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/4206